| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ТАЛАС ОБЛУСУ**<br>**АЙТМАТОВ РАЙОНУ**<br>**ЧОЛПОНБАЙ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**<br>**АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**АЙТМАТОВСКИЙ РАЙОН**<br>**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**<br>**ЧОЛПОНБАЙСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**24 - июль 2025 - жыл** **Чолпонбай айылы**

**Айтматов районуна караштуу Чолпонбай айылдык Кеңешинин**
**II чакырылышынын кезектеги VI-сессиясынын**
**№ 1-токтому**

**Чолпонбай айыл өкмөтүнүн башчысынын 2025-жылдын 6 айында аткарылган жумуштары жана жергиликтүү бюджетинин киреше чыгаша бөлүктөрү боюнча берген отчету жөнүндө**

Айтматов районунун Чолпонбай айыл аймагынын айылдык кеңешинин II чакырылышынын кезектеги VI-сессиясы аталган маселени карап, талкуулап токтом кылат:

**1.**Чолпонбай айыл өкмөтүнүн башчысынын 2025-жылдын 6 айында аткарылган иштери жана жергиликтүү бюджетинин киреше жана чыгаша бөлүктөрү боюнча берген отчету канааттандыраарлык деп баалансын.

**2.**Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын өзүмө калтырамын.

**Төрага** **Абдрай уулу Н.**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
АЙТМАТОВ РАЙОНУ
ЧОЛПОНБАЙ АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
АЙТМАТОВСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
ЧОЛПОНБАЙСКОГО АЙЫЛНОГО
АЙМАКА**

---

**24 - июль 2025 - жыл** **Чолпонбай айылы**

**Айтматов районуна караштуу Чолпонбай айылдык Кеңешинин
II чакырылышынын кезектеги VI-сессиясынын
№ 2-токтому**

**Чолпонбай айыл өкмөтүнүн бюджетинин 2026- жылга киреше жана чыгаша бөлүгүнүн долбоору жөнүндө**

Чолпонбай айыл өкмөтүнүн бюджеттин 2026-жылдарга киреше бөлүгү долбоору төмөндөгүдөй болуп белгиленсин:

| № | **Киреше аттары** | **Статья** | **2026-жылга** |
|---|---|---|---|
| 1 | Киреше салыгы | 11111100 | 18546,3 |
| 2 | Патент | 11122200 | 275,1 |
| 3 | Кыймылсыз мүлк салыгы | 11311100 | 30,0 |
| 4 | Жеке атуулдардан алынуучу салык | 11321100 | 430,0 |
| 5 | Айыл чарба эмес жер салыгы | 11321300 | 250,1 |
| 6 | Калктуу конуштардын ижара акысы | 14152100 | 258,2 |
| 7 | Жайыт ижара акысы | 14152200 | 612,6 |
| | КБФ жерин ижара акысы | 14156200 | 6410,0 |
| 10 | **Бардыгы :** | | **26812,3** |
| 11 | Кызмат көрсөтүүдөн түшүүчү каражат | 14231100 | 2963,4 |
| | Тендештирүүчү грант | 70182 | 13539,4 |
| | **Жалпы киреше:** | | **43315,1** |

Чолпонбай айыл өкмөтүнүн бюджеттин 2026-жылдарга чыгаша бөлүгүнүн долбоору төмөндөгүдөй болуп белгиленсин :

| № | **Чыгашанын аттары** | **2026-жылга** |
|---|---|---|
| 1 | Аппарат | 12516,0 |
| 2 | Экономика-жайыт | 465,1 |
| 3 | Жарандык коргонуу | 400,0 |
| 4 | Кызматтык тейлоо (ЖКХ) | 21129,7 |
| 5 | Маданият бөлүмү | 2491,7 |
| 6 | Билим берүү бөлүмү | 5812,6 |
| 7 | Соц коргоо бөлүмү | 500,0 |
| | Бардыгы | **43315,1** |

**Төрага** **Абдрай уулу Н**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ТАЛАС ОБЛУСУ**
**АЙТМАТОВ РАЙОНУ**
**ЧОЛПОНБАЙ АЙЫЛ**
**АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АЙТМАТОВСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**ЧОЛПОНБАЙСКОГО АЙЫЛНОГО**
**АЙМАКА**

---

**24 - июль 2025 - жыл** **Чолпонбай айылы**

**Айтматов районуна караштуу Чолпонбай айылдык Кеңешинин**
**II чакырылышынын кезектеги VI-сессиясынын**
**№ 3-токтому**

**Чолпонбай айыл өкмөтүнүн бюджетинин 2027-2028- жылдарга киреше жана чыгаша бөлүгүнүн божомолу жөнүндө**

Чолпонбай айыл өкмөтүнүн бюджеттин 2027-2028 -жылдарга киреше бөлүгү божомолу төмөндөгүдөй болуп белгиленсин:

| № | **Киреше аттары** | **Статья** | **2027-жылга** | **2028-жылга** |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Киреше салыгы | 11111100 | 22701,6 | 27219,8 |
| 2 | Патент | 11122200 | 275,1 | 275,1 |
| 3 | Кыймылсыз мүлк салыгы | 11311100 | 30,0 | 30,0 |
| 4 | Жеке атуулдардан алынуучу салык | 11321100 | 430,0 | 430,0 |
| 5 | Айыл чарба эмес жер салыгы | 11321300 | 250,1 | 250,1 |
| 6 | Калктуу конуштардын ижара акысы | 14152100 | 258,2 | 258,2 |
| 7 | Жайыт ижара акысы | 14152200 | 612,6 | 612,6 |
| 8 | КБФ жерин ижара акысы | 14156200 | 6410,0 | 6410,0 |
| | **Бардыгы :** | | **30967,6** | **35485,8** |
| 10 | Кызмат көрсөтүүдөн түшүүчү каражат | 14231100 | **2963,4** | **2963,4** |
| 11 | Тендештирүүчү грант | 70182 | **13539,4** | **13539,4** |
| | **Жалпы киреше:** | | **47470,4** | **51988,6** |

Чолпонбай айыл өкмөтүнүн бюджеттин 2027-2028 –жылдарга чыгаша бөлүгү божомолу төмөндөгүдөй болуп белгиленсин:

| № | **Чыгашанын аттары** | **2027-жылга** | **2028-жылга** |
|---|---|---|---|
| 1 | Аппарат | 13102,2 | 14688,4 |
| 2 | Экономика-жайыт | 465,1 | 465,1 |
| 3 | Жарандык коргонуу | 400,0 | 400,0 |
| 4 | Кызматтык тейлоо (ЖКХ) | 24698,8 | 27630,8 |
| 5 | Маданият бөлүмү | 2491,7 | 2491,7 |
| 6 | Билим берүү бөлүмү | 5812,6 | 5812,6 |
| 7 | Соц коргоо бөлүмү | 500,0 | 500,0 |
| | **Бардыгы** | **47470,4** | **51988,6** |

**Төрага** **Абдрай уулу Н.**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
АЙТМАТОВ РАЙОНУ
ЧОЛПОНБАЙ АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
АЙТМАТОВСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
ЧОЛПОНБАЙСКОГО АЙЫЛНОГО
АЙМАКА

---

**24 - июль 2025 - жыл** **Чолпонбай айылы**

**Айтматов районуна караштуу Чолпонбай айылдык Кеңешинин**
**II чакырылышынын кезектеги VI-сессиясынын**
**№ 4-токтому**

**Чолпонбай айыл өкмөтүнүн бюджетине кошумча түшкөн акча каражатын жергиликтүү бюджетинин беренелерине коюу жөнүндө**

Чолпонбай айылдык кеңешинин II чакырылышынын кезектеги VI-сессиясы Чолпонбай айыл өкмөтүнүн бюджетине кошумча түшкөн акча каражаты боюнча маселени карап, талкуулап төмөндөгү беренелерге коюу боюнча **токтом кылат**:

**1.**Чолпонбай айыл өкмөтүнүн бюджетине пландалбаган кошумча түшкөн 2140,1 миң сом акча каражаты төмөндөгү беренелерге коюлсун:

- Аппарат - 2215 – 500,0 миң сом
- Аппарат - 2222 – 200,0 миң сом
- ЖКХ - 3113 – 300,0 миң сом
- ЖКХ - 3111 – 1140,1 миң сом

**2.**Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө айылдык кеңештин бюджет комитетинин төрайымы Турсунбекова Айзат Каликеевнага жүктөлсүн.

**Төрага** **Абдрай уулу Н**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>АЙТМАТОВ РАЙОНУ<br>ЧОЛПОНБАЙ АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>АЙТМАТОВСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>ЧОЛПОНБАЙСКОГО АЙЫЛНОГО<br>АЙМАКА |
|---|---|---|

**24 - июль 2025 - жыл** **Чолпонбай айылы**

**Айтматов районуна караштуу Чолпонбай айылдык Кеңешинин**
**II чакырылышынын кезектеги VI-сессиясынын**
**№ 5-токтому**

**Таштанды таштоочу жайдын багытын өзгөртүү жөнүндө**

Айтматов районунун Чолпонбай айылдык кеңешинин II чакырылышынын кезектеги VI-сессиясы аталган маселени карап, талкуулап **токтом кылат:**

**1.**Чымгент айыл өкмөтүнүн 2011-жылдын 20-июнундагы №53-токтомунун негизинде ушул жерди мөөнөтсүз (мөөнөтү көрсөтүлбөгөн) пайдалануу укугу Кара-Буура райондук жергиликтүү каттоо органында, Кыймылсыз мүлккө болгон укуктардын бирдиктүү мамлекеттик реестринде 2012-жылдын 11-июль №4022 менен катталган жана Талас облусунун Кара-Буура районунун Чолпонбай айыл аймагынын "Чолпонбай айыл өкмөтүнө" мөөнөтсүз пайдаланууга берилген идентификациялык номери 6-01-07-0003-0733 жайгашкан жери Чолпонбай айыл өкмөтүнүн К-160, К-162 чөйрө сызыгындагы 7,5га жер участогундагы таштандыларды таштоочу жайдын багыты өнөр жай,транспорт, байланыш, коргоо жана башка багытка өзгөртүлсүн.
Трансформация болгонго чейин узак мөөнөткө ижарага берилсин.

**2.**Жаңы таштанды таштоочу жайды ачуу боюнча К-133 чөйрө сызыгындагы 1,5га жер аянты көрсөтүлсүн.

**3.**Тиешелүү иш кагаздарын даярдатуу жагы Чолпонбай айыл өкмөтүнүн башчысы К.Жамакеевке милдеттендирилсин.

**4.**Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы жергиликтүү кеңештин депутаты, жер комитетинин төрагасы М.Боромбаевге жүктөлсүн.

**Төрага** **Абдрай уулу Н.**

| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ТАЛАС ОБЛУСУ**<br>**АЙТМАТОВ РАЙОНУ**<br>**ЧОЛПОНБАЙ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**<br>**АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**АЙТМАТОВСКИЙ РАЙОН**<br>**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**<br>**ЧОЛПОНБАЙСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**24 - июль 2025 - жыл** **Чолпонбай айылы**

**Айтматов районуна караштуу Чолпонбай айылдык Кеңешинин**
**II чакырылышынын кезектеги VI-сессиясынын**
**№ 6-токтому**

**Чолпонбай айыл өкмөтүнүн тургундарынан жана мекеме уюмдун жетекчилеринен түшкөн кайрылуулар жөнүндө**

Чолпонбай айыл өкмөтүнүн аймагында жашаган айыл тургундарынан жана мекеме уюмдардын жетекчилеринен түшкөн кайрылуулары талкууга коюлгандан кийин чечип берүү үчүн Чолпонбай айылдык кеңеши **токтом кылат:**

**1.**Чолпонбай айылынын Чымгент IX көчөсүнүн тургундарынан түнкү жарыктандыруу боюнча түшкөн кайрылуусуна айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетинен 150 000 (бир жүз элүү миң) сом акча каражаты бөлүнүп берилсин.
**2.**Жийде айылындагы Б.Шамратбеков атындагы орто мектебине көмүр сактоочу жай салуу үчүн айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетинен 500 000 (беш жүз миң) сом акча каражаты бөлүнүп берилсин.
**3.**Чолпонбай айылындагы Мусабай атындагы балдар бакчасын оңдоп түзөп жаңыртууга айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетинен 36000 (отуз алты миң) сом акча каражаты бөлүнүп берилсин.
**4.**Жоон-Дөбө айылындагы түнкү жарыктандырууларды оңдоп түзөө жумуштарына айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетинен 19150 (он тогуз миң бир жүз элүү ) сом акча каражаты бөлүнүп берилсин.
**5.**Чолпонбай айылындагы Шайырбек атындагы көчөсүнүн этегиндеги электр энергиясы тартылган карагайларды талапка ылайык жасоо үчүн айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетинен 179750 ( бир жүз жетимиш тогуз миң жети жүз элүү) сом акча каражаты бөлүнүп берилсин.
**6.**Чолпонбай айылынын этегиндеги мечиттин көчөсүн жарыктандырууга жана машиналарды токтотууга, көчөсүн кеңейтүүгө кум шагал төшөө үчүн айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетинен 105200 (бир жүз беш миң эки жүз) сом акча каражаты бөлүнүп берилсин.
**7.** Жийде айылындагы 3 сааттык балдар бакчасынын сыртын оңдоп түзөө жана алдына брусчатка төшөө, электр конвектор алуу үчүн айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетинен 150 000 (бир жүз элүү миң) сом акча каражаты бөлүнүп берилсин.
**8.**Токтомду аткаруу жагы айыл өкмөтүнүн башчысы К.Жамакеевге тапшырылсын.
**9.**Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын өзүмө калтырамын.

**Төрага** **Абдрай уулу Н.**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ТАЛАС ОБЛУСУ**
**АЙТМАТОВ РАЙОНУ**
**ЧОЛПОНБАЙ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АЙТМАТОВСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**ЧОЛПОНБАЙСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

**24 - июль 2025 - жыл** **Чолпонбай айылы**

**Айтматов районуна караштуу Чолпонбай айылдык Кеңешинин**
**II чакырылышынын кезектеги VI-сессиясынын**
**№ 7-токтому**

**Чолпонбай айыл аймагынын социалдык-экономикалык өнүгүү программасын бекитүү жөнүндө**

Чолпонбай айылдык кеңешинин II чакырылышынын кезектеги VI-сессиясы Чолпонбай айыл аймагынын 2025-2027-жылдарга социалдык-экономикалык өнүгүү программасын талкуулап, карап чыгып токтом кылат:

**1.**Чолпонбай айыл аймагынын 2025-2027-жылдарга социалдык-экономикалык өнүгүү планы бекитилсин.

**2.** 2025-2027-жылдарга Чолпонбай айыл аймагынын бекитилген социалдык-экономикалык өнүгүү планынын аткарылышы айыл өкмөтүнүн башчысы Жамакеев Кенжекул Абдрасуловичке милдеттендирилсин.

**3.**Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын өзүмө калтырамын.

**Төрага** **Абдрай уулу Н**

# Чолпонбай айыл аймагынын 2025-2027- жылдарга социалдык-экономикалык өнүктүрүү программасы.

| 1-БӨЛҮМ. АЙМАКТЫН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨЛӨРҮ | |
|---|---|
| | |
| Географиялык абал | Чолпонбай айыл аймагы Талас облусунун батыш тарабында жайгашып, түштүктөн Жалал-Абад облусунун Чаткал району, түндүктөн Манас району, чыгыштан Кара-Буура айыл өкмөтү жана батыш тарабынан Аманбаев айыл өкмөтү жана Казахстан Республикасы менен чектешет. Чолпонбай айыл аймагынын борбору – Чолпонбай айылы. Облустук борбордон алыстыгы 66,4 км. Райондун борборунан алыстыгы 9,7 км. Чолпонбай айыл аймагынын айыл өкмөтү 2024-жылдын 29-мартында уюштурулган. |
| Жалпы аянты (Га) | 9718 га |
| Ландшафт жана жаратылыш шарттары | Чолпонбай айыл аймагы деңиз деңгээлинен 1200-2500 метр бийиктикте жайгашкан. Чолпонбай айыл аймагынын климаты, кышкысы сууктун эң төмөнкү температурасы -38 С, орточо сууктун температурасы -20 С жетет. Ал эми жайкысын ысыктын эң жогорку температурасы 38 С чейин жетет. |
| АА калкы (адам), аялдардын саны:_________________ анын ичинде (айылдарда): | 12620<br>6510 аялдардын саны |
| айыл . ______ (АА борбору) | Чолпонбай |
| Чолпонбай айылы<br>Көк-Дөбө айылы<br>Жоон-Дөбө айылы<br>Жийде айылы | 7160<br>972<br>2387<br>2101 |
| СЭӨПнын максаты | Чолпонбай айыл аймагынын 2025-2027-жылдарга социалдык-экономикалык өнүктүрүү программасы - социалдык-коммуналдык инфраструктурасы оңолгон, экономикасы айыл чарба продукциясын кайра иштетүүгө, айылдын калкынын ишке жарамдуу катмарын иш менен камсыз кылууга, чакан жана орто бизнести өнүктүрүүгө, жакырчылыктын көрсөткүчтөрүн азайтууга, аз камсыз болгон үй-бүлөлөргө, мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарга социалдык колдоо көрсөтүүгө багытталган. Жаштары билимдүү, дени сак, мекенчил духта тарбияланган, калкы чечимдерди кабыл алууга жигердүү катышкан. Айыл калкы ден-соолугу чың, ичүүчү таза суу менен толук камсыз болгон, ирригация системасы жакшыртылган, ички жолдор кеңейтилип, асфальталып, тротуар салынган, муниципалдык менчиктеги объектилери оңдолуп-түздөлгөн, айыл аймакка айланат.<br>Чолпонбай айыл аймагын өнүктүрүүдө туруктуу абалга чыгуу үчүн бардык, адамдык, жаратылыш, финансылык жана башка бардык ресурстарды мобилизациялоо жана туура пайдаланган, адам баалуулуктарын жана жаратылыш ресурстарын акыл-эстүү пайдалануу менен экономикалык өсүштү камсыздайт. Жергиликтүү жана мамлекеттик бюджеттин, тышкы жана ички инвесторлордун, жергиликтүү калктын, ишкерлердин каражаттарын, ресурстарын |

| | |
|---|---|
| | аймактын экономикасына активдүү катышкан. Калктын ишмердүүлүгүн өнүктүрүүгө ар тараптуу шарттар түзүлүп, колдоолор жүргүзүлөт. |

## 2-БӨЛҮМ. КАЛК

**2.1. (таблица) Калк жана эмгек ресурстары**

| Категория | *факт* | | | *күтүлгөн.* | *прогноз* | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | **2021 ж.** | **2022 ж.** | **2023 ж.** | **2024 ж.** | **2025 ж.** | **2026 ж.** | **2027 ж.** |
| **Жыл башындагы туруктуу калктын саны** (адам) | 12198 | 12317 | 12416 | 12620 | 12758 | 12898 | 13039 |
| *Өсүш темпи %* | | 0,9 | 0,8 | 1,6 | 1,1 | 1,1 | 1,1 |
| анын ичинде аялдар | 6298 | 6395 | 6457 | 6510 | 6600 | 6700 | 6800 |
| **Жыл башындагы эмгекке жарамдуу курактагы туруктуу калктын саны,** (адам) | 7349 | 7457 | 7562 | 7681 | 7788 | 7897 | 8007 |
| *Өсүш темпи (%)* | | 1,4 | 1,4 | 1,5 | 1,4 | 1,4 | 1,4 |
| анын ичинде аялдар | 2390 | 2420 | 2485 | 2555 | 2600 | 2700 | 2800 |
| Экономикалык ишмердиктин түрлөрү боюнча **иштеген калктын саны** (адам): | 7456 | 7623 | 7662 | 7681 | 7750 | 7800 | 7850 |
| Айыл чарба | 3546 | 3572 | 3586 | 3599 | 3613 | 3628 | 3639 |
| **Өнөр жай:** | 418 | 489 | 558 | 620 | 688 | 741 | 788 |
| Иштетүүчү | 36 | 41 | 48 | 53 | 64 | 70 | 75 |
| Электр энергиясы | 29 | 42 | 58 | 69 | 73 | 76 | 79 |
| Курулуш | 150 | 167 | 181 | 196 | 214 | 235 | 249 |
| Соода | 32 | 35 | 38 | 41 | 43 | 45 | 48 |
| Транспорт жана байланыш | 69 | 82 | 87 | 96 | 114 | 125 | 137 |
| Башка кызматтар | 102 | 122 | 146 | 165 | 180 | 190 | 200 |
| Калдыктарды кайра иштетүү | - | - | - | - | | | |
| **Жумушсуздардын саны** (адам): | 1507 | 1427 | 1267 | 1236 | 1159 | 1086 | 1018 |
| *Өсүш темпи* | | -5,3 | -11,2 | -2,4 | -6,3 | -6,3 | -6,3 |
| анын ичинде аялдар | 1237 | 1132 | 980 | 824 | 800 | 770 | 750 |
| **Жакырчылыктын эң төмөнкү чегинде турган калктын саны** (адам) | 746 | 632 | 527 | 429 | 358 | 299 | 250 |
| *Өсүш темпи* | | -15,2 | -16,6 | -18,5 | -16,7 | -16,7 | -16,7 |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Миграцияланган эмгекке жарамдуу калктын саны** (эл аралык миграция боюнча кеткендер, адам) | 1998 | 1665 | 1523 | 1352 | 1189 | 1046 | 920 |
| *Өсүш темпи (%)* | | -16,6 | -8,5 | -11,2 | -12,1 | -12,1 | -12,1 |

**2.2. Эмгекке жарамдуу калктын өсүшүн, иш менен камсыз кылуу жана эмгек миграциясы маселелерин талдоо**

Чолпонбай айыл өкмөтүнүн эмгеке жарамдуу калкынын өсүү темпинин жогорулаганын себеби, ички сырткы миграция аз, туруктуу жумушчу орундары түзүлүдө. Биздин айыл аймак анын ичинен Чолпонбай айылы райондун борборуна 9,7 км жакын болгондуктан айылда орто жана чакан бизнес өнүккөн (балык чарба, пескоблок, пилорама, соода сатык ж.б). Андан тышкары Чолпонбай айыл аймагынын тургундары райондун борборудагы мекеме-уюмдарда, соода сатык, тамактануучу, авто унаа ондоочу ж.б жайларда туруктуу эмгектенип келишет. Чолпонбай айыл аймагы Суусамыр-Талас-Тараз эл аралык жолунун боюнда жайгашкан, орто жана чакан бизнести түзүүгө мүмкүнчүлүк бар. Чолпонбай айыл аймагынын тургундары жеке бизнестерин ачып кызмат көрсөтүп келет. Азыркы учурда жол боюнда ветаптека, дүкөн, авто унаа оңдоочу жай, мал чарбасына тоют даярдоо, айыл чарбасына урук даярдоо, өсүмдүк майын сыгуучу, темир ширетүүчү, курулуш тармагына керектелүүчү буюмдарды ж.б сатуучу жайлар ачылып, кошумча жумуш орундары түзүлүп, калкка кызмат көрсөтүлүүдө. Кызмат көрсөтүү акылары калктын шартына ылайыкталган. 2023-жылы Чолпонбай айыл өкмөтүндө калктын саны 8132 адамды түзгөн. 2024-жылы Чолпонбай жана Ак-Чий айыл өкмөттөрү биригип Чолпонбай айыл аймагынын айыл өкмөтү болуп түзүлгөндөн кийин калктын саны 12620 түздү. Анын ичинен 6110 эркек, 6510 аялды түзөт. 2028-жылга калктын санынын өсүшү 0,8 – 1,1 чейин күтүлүүдө. Калктын ичинен эмгекке жарамдуу адамдар 7681. Ар тармактарда жана айыл чарба тармактарында, өнөр жай, билим берүү тармактарында эмгектенишет. Жумушсуздар катталганы 1236 анын ичинен 824 аялдар. Чолпонбай айыл аймагы боюнча жакырчылыктын денгээли 429 адам болсо мунун себеби.

-Чакан кичи ишканалардын аздыгы

-Бизнес жаатындагы долбоорлордун аз санда жазылгандыгы, маалыматтардын жетишсиздиги.

-Кичи ишкерликти жана кол өнөрчүлүктү өнүктүрүүдө шарттардын жетишсиздиги.

-Жакырчылыктын деңгээлин жоюудагы программалардын жоктугу.

-Калктын эмгекке жарамдуу катмарынын ички миграция болуп, борборго кетиши.

-Туризм жана соода тармагында шарттардын жетишсиздиги.

Жогорудагы критерийлердин негизинде 2028-жылга 89 үй бүлөөгө жумушсуздук кыскарат. Буга себеп чакан ишканаларды салуу, куруу үчүн долбоор жазууга үйрөтүүгө ар кандай окуу тренингдерди уюштуруу.

-Тигүү цехтерин өркүндөтүү менен үйдө отурган кыз келиндерди жумушка тартып колдоо.

-Туризм тармагын өнүктүрүүгө долбоорлорду жазууга калкка жардам берүү жана айыл аймакка ички , сырткы туристтерди тартуу.

-Бизнес баштоого, ишкерчиликти өнүктүрүүгө, ар кандай окуу семинарларын уюштуруу жана калкка ар тараптан колдоо көрсөтүү.

-Жумушсуздуктун денгээлин төмөндөтүү үчүн айыл чарба, мал чарба продукцияларын кайра иштетүүчү кичи цехтерди салуу.

Айыл ичинде соода тармагын, туризмди өнүктүрүү.

-Чакан ишканаларды ачуу, тейлөө сферасын жакшыртуу (соода, желимдөө, тамактануу жайлары).

Эмгекке жарамдуу калктын 2023-жылы 1532 адам сыртта чет өлкөгө иштеп кетишкен. 2027-жылы саны 920 адамды түзүп, 603 адамга кыскарат.

Чолпонбай айыл аймагынын Суусамыр-Талас-Тараз эл аралык жолунун боюнан жер тилкесин алууга айыл өкмөтүнө кайрылышууда. Ал эми айыл өкмөтү Суусамыр-Талас-Тараз эл аралык

жолунун боюндагы жер тилкелерин муниципалдык менчикке алуу ишин жүргүзүүдө. Ошондой эле ички, сырткы миграциянын агымын азайтуу үчүн турак жай салууга жер участокторун трансформациялоо ишин алып баруудa. Айыл ичинде турак жайлар бош болбогондуктан, жаш үй бүлөлөр ички, сырткы миграцияга кетип жаткандыгы байкалууда. Аларды айыл аймакта кармап калуунун жолу турак жай салууга жер участогун бөлүп берүү, айыл чарба мамлекеттик фондунун жерлеринен ижарага жер бөлүп берүү, чакан, орто бизнестерди ачууга шарт түзүп берүү болмокчу.

## 3-БӨЛҮМ. КЫЗМАТТАР ЖАНА ЖЕРГИЛИКТҮҮ ИНФРАСТРУКТУРА

**3.1. (таблица) Кызматтар жана жергиликтүү инфраструктура**

| Категория | *факт* | | | *күтүлг өн.* | *прогноз* | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | **2021 ж.** | **2022 ж.** | **2023 ж.** | **2024 ж.** | **2025 ж.** | **2026 ж.** | **2027 ж.** |
| Ичүүчү сууга жеткиликтүүлүк (%) | 47% | 51% | 57% | 57 % | 65% | 70% | 90% |
| Кожолуктарды катуу тиричилик калдыктары (КТК) ташып чыгаруу менен камтуу (%) | 40 | 40 | 40 | 40 | 50 | 67 | 95 |
| Ички жолдордун жалпы узундугунан канааттандырарлык абалдагы асфальтталган ички жолдордун үлүшү (%) | 5 | 5 | 5 | 5 | 6 | 7 | 8 |
| Көчөлөрдүн жалпы санынан жарыктандырылган көчөлөрдүн үлүшү (%) | 50 | 54 | 67 | 75 | 78 | 84 | 91 |
| Спорттук секцияларга тартылган жарандардын саны (адам) | 62 | 79 | 88 | 96 | 123 | 145 | 191 |
| Маданият чөйрөсүндөгү ийримге катышкан жарандардын саны (адам) | 15 | 17 | 22 | 26 | 31 | 35 | 47 |
| Балдарды мектепке чейинки билим берүү менен камтуу (%) | 30 | 37 | 39 | 43 | 45 | 49 | 55 |
| Балдарды мектептик билим менен камтуу (%) | 95 | 100 | 100 | 100 | 100 | 100 | 100 |
| Медициналык персонал менен камсыздоо деңгээли (адам) | 24 | 24 | 24 | 24 | 26 | 26 | 28 |
| Калктын турак жай менен камсыз болушу (бир | 11,6 м$^2$ | 11,05 м$^2$ | 10,4 м$^2$ | 10,3 м$^2$ | 10,3 м$^2$ | 10,3 м$^2$ | 10,3 м$^2$ |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| тургунга жалпы аянттын кв. м) | | | | | | | |
| *(башка көрсөткүчтөр)* | | | | | | | |

**3.2. Учурдагы кырдаалды анализдөө**

**Ичүүчү таза суу**

Чолпонбай айыл аймагынын Чолпонбай, Көк-Дөбө, Жийде жана Жоон-Дөбө айылдарынын жашоочулары 75 % ичүүчү таза суу менен камсыз болгон. Анын ичинен Көк-Дөбө, Жийде жана Жоон-Дөбө айылдарындагы таза суу системасы стандартка жооп бербейт. 2022-жылы Көк-Дөбө айылындагы таза суу системасын жакшыртуу боюнча долбоор жазылып тапшырылган, бүгүнкү күнгө чейин долбоор ишке ашпай келет. Чолпонбай айыл аймагындагы жаңы калктуу конуштарда ичүүчү таза суу түтүктөрү тартылган эмес, себеби жергиликтүү бюджеттин жетишсиздигинен улам. Кошумча резервуарлар керектелет, себеби жыл сайын ичүүчү таза суунун керектөөчүлөрүнүн саны өсүдө. Учурда ичүүчү таза суу менен калкты камсыздоо боюнча Чолпонбай, Көк-Дөбө, Жийде жана Жоон-Дөбө айылдарында “Чолпонбай тазалык” муниципалдык ишканасы мындан ары иш алып барат жана аймактагы жалпы 4 айылды таза суу менен камсыздоо иштерин жүргүзөт. Таза суунун тарифи Чолпонбай айылында ар бир кожолука 200 сом, Көк-Дөбө айылында ар бир кожолука 150 сом Жоон-Дөбө айылында киши башына 14 сом, Жийде айылында киши башына 15 сомду түзөт. Чолпонбай айыл аймак боюнча төлөмдөрдү чогултуу “Чолпонбай тазалык” муниципалдык ишканасы мындан ары иш алып барат жана төлөмдөрдүн чогулушу 90 % түзөт. Таза суу системасын жакшыртуу үчүн 2024-жылы жергиликтүү бюджеттен 300 000 сом бөлүнгөн. Көк-Дөбө айылынан Чолпонбай айылынын күн батыш тарабында жайгашкан жаңы калктуу конуштарга таза суу жеткирүү пландалууда.

**Таза суу маселесине байланышкан көйгөйлөр:**

- Чолпонбай, Көк-Дөбө, Жийде жана Жоон-Дөбө айылдарынын таза суу системасын жакшыртуу. Чолпонбай айылындагы таза суунун суу топточу мунара эскирип иштен чыккандыктан азыркы учурга чейин таза суу элге толук жетпей келет. Көк-Дөбө айылындагы таза суу системасынын суу түтүктөрүнүн көпчүлүгү совет доорунда орнотулгандыктан эскилиги жеткендиктен, суу түтүктөрүн улам оңдоону талап кылууда, элге таза суу жеткирүүдө кыйынчылыктар жаралууда. Андан тышкары Жоон-Дөбө жана Жийде айылдарындагы таза суу системасы стандартка жооп бербейт. Себеби таза суу системасы союз мезгилинде казылган жер алдынан чыккан таза суу скважиналарга түз кошулган, суу топточу мунаралар, резервуарлар жок, эч кандай таза сууга кошулмалар кошулбай жаман оруулардын чыгуусу коркунуч тудуруп келет.

-Айылдардын таза суу инфраструктураны талапка ылайык келтирүү, таза суусунун көлөмүн жана сапатын жакшыртуу үчүн жаңы суу трассасын тартуу керек. Айыл аймакдагы жер алдынан чыккан таза суу скважиналарга стандартка ылайык кошуп, суунун көлөмүн көбөйтүү, кошумча суу топточу мунараларды же резервуарларды орнотуу зарыл.
-Суу топточу мунараларды же резервуарларды капиталдык ремонттон өткөрүү жана жарыктандыруунун жетишсиздиги, видео көзөмөлдүн жоктугу.
-Сууга болгон төлөмдөрдүн толук чогулбагандыгы.
-Таза сууну көзөмөлдөп тейлеген атайын адистин жоктугу.
Жогорудагы кемчиликтерди таза суу көйгөйлөрүн 2027-жылга чейин чечип 90 пайызга чейин жеткирүү пландалууда. Элдин калың катмарын таза суу менен камсыздап, алгылыктуу иштер алып барылат.

**КТК**

Чолпонбай айыл аймагынын Чолпонбай айылында таштанды полигону бар. Чолпонбай айылынын күн чыгыш тарабында жайгашкан 0,5 га жер аянтына таштанды төгүүчү жай ачылып, муниципалдык менчик боюнча мамлкеттик акт алынган. Чолпонбай айылы боюнча турмуш тиричилик калдыктарын ташып чыгаруу иши 2021-жылы башталган. Айылдык кеңеш тарабынан тариф ар бир кожолука 100 сомдон, мекеме-уюмдарга, соода сатык кылуучу жайларга 200 сомдон айына бекитилип берилген. 2023-жылдын аягында таштанды чыгаруу иши токтотулган, себеби жергиликтүү тургундар таштанды чыгаруу боюнча төлөмдү толук төлөбөй койгондуктан. Азыркы учурда таштандыны чыгаруу ишин Чолпонбай айылында “Чолпонбай тазалык” муниципалдык ишканасы иш алып барат. Айына 2 жолу өздөрүнүн техникалары жана кызматкерлери менен айылдагы калктын таштандыларын чогултуп кетишет. “Чолпонбай тазалык” муниципалдык ишканасы менен Чолпонбай айылынын тургундарынын ортосунда таштандыны чыгарууну өз убагында жүргүзүү жана ичүүчү таза суу менен камсыз кылуу, кызмат көрсөтүүдө төлөмдөрдү төлөө боюнча келишим түзүлгөн. Чолпонбай айылында жайгашкан таштанды полигонунда шамал болгон учурларда полигондон таштандылар учуп жакын жайгашкан айыл чарба жерлерине таштанды каптап турат. Полигонго ар кандай таштандылар ыргытылат. Кээ бир учурларда малдын өлүктөрүн дагы ыргыткан учурлар дагы болот. Себеби малдын өлүктөрүн таштоочу жайдын жоктугунан. Жайында жагымсыз жыттар чыгып турат, мындан улам жугуштуу оорулардын чыгып кетүү коркунучу бар. Жаз айларынан баштап күз айларына чейин айыл өкмөтүнүн кызматкерлери ишембилик учуранда таштанды полигондун айланасын келтирип жана шамал учуруп кеткен таштандыларды чогултуп турат. “Чолпонбай тазалык” муниципалдык ишканасынын атайын техникалары таштанды полигонду рекультивациялоо ишин жасап турат. Таштанды полигондун айланасы толук тосулган эмес мал жандыктар ар кандай жаныбарлар кире беришет. Ошондуктан таштанды полигондун айланасын толук тосуу көйгөйү жаралууда. Таштанды полигондун айланасын толук тосуу 2025-жылга пландалууда. Андан тышкары Жоон-Дөбө жана Жийде айылдарынын ортосундагы “Туяк Жар” участкасынан таштанды полигонун уюштуруу үчүн жер участкасын траснформациялоо иши башталды.

**Таштанды маселесине байланышкан көйгөйлөр:**

-Айыл ичинде таштанды үкөктөрүнүн жоктугу
-Таштанды иштетүүчү жабдуулардын жоктугу
-Жашоочулардан таштанды төлөмүнүн толук чогулбагандыгы
-Таштандыга болгон төлөмдүн аз бекитилип калганы
-Малдын өлүгүн таштоочу яма беккаринин жоктугу

**Ички жолдор**

Негизинен Чолпонбай айыл аймагы жүргүнчүлөрдү жана чарбалык жүктөрдү ташуу ошондой эле башка региондор менен байланышуу үчүн автомобилдик жол аркылуу жүрүүгө ылайыкташкан. Айылдык аймагынын негизги республикалык маанидеги жолу катары Тараз-Талас-Суусамыр - Бишкек жолу эсептелинет. Улуу Жибек жолуна чыгуучу эл аралык мааниге ээ Суусамыр-Талас-Тараз автожолунун боюнда жайгашкан аймак катары Манас районундагы “Кербен” өткөрмө пунктунан 26,5 км аралыкта жайгашкан, ошондой эле айылдык аймагынын түндүк-чыгыш тарабында Түштүк-Казахстан темир жолуна чыгуучу Маймак станциясынан 40 км алыстыкта жайгашкан. Чолпонбай айыл өкмөтү боюнча 44892 километр муниципалдык ички жолдор бар, алардын ичинен 30 километр жолдун учурдагы абалы жакшы десек болот. Учурда ички жолдордун 4892 метр бөлүгү топурак жолдорду түзөт. 2024-жыл ичинде жергиликтүү бюджеттен 313 000 сом акча каражаты каралып, муниципалдык жолдорго 260 рейс кум шагыл төшөлдү. Жоон-Дөбө жана Жийде айылдарын бириктирип байланыштырып турган 8 чакырым жолдун 4 чакырым турган жерин асфальт басууга республикалык бюджеттен 2,8 млн сом акча каражаты капиталдык салымдардан бөлүнгөн. Азыркы учурда 1,4 чакырым жолго асфальт төшөлдү жана асфальт басуу иши райондук жол тейлөө ишканасы тарабынан жүргүзүлүүдө. Андан сырткары Чолпонбай айыл аймагы боюнча ички чоң көчөлөрдө тротуар жок. Мисал алсак Чолпонбай айылынын Чолпонбай, Т.Сартбаев көчөлөрү ички чоң көчөлөр

болгондуктан элдин көпчүлүгү ошол көчөлөр аркылуу катташат, мектеп окуучулары дагы аталган жолдор менен мектепке барып келишет. Азыркы учурда ички чоң көчөлөргө тротуар салуу зарылчылыгы бар. Жол боюндагы кызыл чийинден чыккан турак жайларды жылдыруу маселеси турат. СССР урагандан бери көптөгөн турак жайлар кызыл чийинден чыгып салынып калып, тротуарларды, жолдору таптакыр жаап калды. Бул толук өлчөмдө Чолпонбай айыл аймагындагы жолдордун абалына да тиешелүү. Ошондой эле Жоон-Дөбө, Жийде айылдарында жазында жана күзүндө катуу жаан-чачындан кийин жолдордун начардыгынан адамдар да, техника да өтө албай калат. Улуулар эмес, мектеп окуучулар мектепке чейин ылай кечип барууга мажбур болушат. Чолпонбай айыл аймагындагы ички муниципалдык жолдорго кум шагыл төшөө иштерин жүргүзүлүшү зарыл.

**Ички жол маселесине байланышкан көйгөйлөр:**

-Айыл ичинде ички жолдорго кум шагыл көп жылдан бери төшөлбөй келгендиги

-Ички чоң көчөлөрдө тротуарлардын жок болушу, турак жайлар кызыл чийинден чыгып курулуп калгандыгы

-Ички жолдор жыл өткөн сайын бузулуп бара жаткандыгы

- Айыл аймактагы ички көчөлөрүнүн кесилиштеринде жол чырактын жана жол чиймелеринин жоктугу

**Көчө жарыгы**

Жалпы Чолпонбай айыл аймагында ички көчөлөрдө түнкү көчө жарыгын орнотууга зарыл болгон 44892 метр көчө болсо анын бүгүн күнү 32 км электр чырактары орнотулуп түнкү көчө жарыгы менен камсыз болгон. Чолпонбай айыл аймагы боюнча азыркы учурда Чолпонбай, Көк-Дөбө, Жийде жана Жоон-Дөбө айылдарынын ички көчөлөрү жарым-жартылай түнкү көчө жарыгы менен камсыз болгон. 2024-жылы Жоон-Дөбө айылына түнкү жарыктандырууу орнотуу максатында жергиликтүү бюджеттен 795000 (жети жүз токсон беш миң) сом, ал эми Жийде айылына түнкү жарыктандырууу орнотуу максатында жергиликтүү бюджеттен 798117 (жети жүз токсон сегиз миң бир жүз он жети) сом бөлүнгөн. Жалпы 183 штук түнкү көчө жарыктандыруулар орнотулган, 100% иш аткарылып элдин пайдалануусуна берилди. Калган кээ бир ички көчөлөрдө түнкү көчө жарык орнотуу иштери аткарыла элек. Ошондой эле түнкү көчө жарыгы орнотулган көчөлөрдүн электр чырактарын дагы ремонттон өткөрүү зарылчылыгы келип чыгууда.

-Айыл аймактын көчөлөрүн жарыктандыруу

**Спорт тармагы**

Айыл аймакта 4 спорт зал, 4 кичи футболдук аянтчасы жана 6 мектептин спорт залдары жана 2 чоң футбол стадиону бар. 4 кичи футбол аянтчасы бардык шарттарга жооп берет. Андан тышкары аймагыбызда футбол командабыз бар, алар облустук, республикалык мелдештерге катышып байгелүү орундарга ээ болуп келүүдө. Ошондой эле ар бир айылда улак тайгазандары бар. Айыл аймакта спорт менен алектенгенге бардык шарттар түзүлгөн. Спорт оюндары менен жогорку класстардагы окуучулар жана 35 жашка чейинки айыл тургундары активдүү алектенишет. Айыл аймакта ар кандай спорттук иш чаралар көп өткөрүлөт. Азыркы учурда кыргыздын улуттук оюндары кыргыз күрөш, көк бөрү көп ойнолууда. Айрым тургундарыбыз көптөгөн ийгиликтерди жаратып келишет. Чолпонбай айыл өкмөтүнүн спорттук секцияларга тартылган 96 адам. Жаштарыбыз футболдон тышкары волейбол жана күрөш менен активдүү машыгышат. Бул спорттун түрүнүн ичинен күрөш боюнча дүйнөлүк деңгээлге чыккан спортсмендерибиз бар, андан тышкары айыл өкмөтүнүн аймагында муниципалдык 2 чоң спорт зал бар, ал жерде 96дан ашык бала күрөш менен машыгууда. Айылда жаш муундун спортко кызыгуусу аз. Азыр интернет чексиз учурда, жаш өспүрүмдөрүбүз ар кандай телефондогу оюндарга азгырылышып , күн сайын спорттко болгон кызыгуулары азаюуда. Келечекте жаштарды спортко тартуу менен аракечтикке, баңгичиликке, кылмыштуулукка баруусуна бөгөт койсо болот.

**Спортко байланышкан көйгөйлөр;**

-Жаш муундун спортко тартылуусу аздыгы жаш муундун тамеки, насвай чегүү, химикат бангизатын колдонуу коркунучу бар. Мындай көрүнүшкө мектептерде дене-тарбия сабагына кызыктыруучу спорттук иш чаралардын аз өтүлгөндүгү.

-Айылдарда атайын спорттун түрлөрү боюнча тажрыйбалуу тренерлердин жоктугу.
-Спортко байланышкан жабдыктардын аздыгы
-Аял затына арналган фитнес клубдардын жоктугу
- Келечекте аймактын башка айылдарына дагы жогорудагыдай спорттук зал уюштуруу, тажрыйбалуу тренерлерди тартуу.

**Маданият тармагы**

Айыл аймагындагы Чолпонбай, Жоон-Дөбө айылында маданият үйү бар. Азыркы учурда көптөгөн маданий иш чаралар өткөрүлүүдө. Айылда ыр кесе маданий иш чарасы өткөрүлүп келет. Жергиликтүү бюджеттин эсебинен каралып берилген каражат менен даталуу күндөрү майрамдарды өткөрүп элдин көңүлүн көтөрүп келебиз. Айыл аймак боюнча шайыр апалар тобу түзүлгөн. Акыркы учурда коомчулукка көз салып байкоо жүргүзсөк айыл жеринде да ата-бабалардан келе жаткан улуттук када салттар унутулуп бара жатат. Тургундар маданий, руханий баалуулуктарды баалабай материалдык баалуулуктарды жогору коюп калышты. Ар кандай маданий иш-чаралар өз деңгээлинде уюштурулбагандыктан эл арасындагы таланттар өспөй жана жаштарыбыз улуттук баалуктарыбыз жөнүндө билбей бара жатышат. Айыл аймактын баардык мектептеринде комуз жана бий кружоктору ачылган. Алардын саны 26 түзөт. Жоон-Дөбө айылындагы маданият үйү капиталдык ремонттон өткөрүүгө муктаж. Жийде, Көк-Дөбө айылдарында маданият үйүнүн жоктугу, айыл тургундарынын маданий иш чараларды өткөрүүсүнө тоскоолдуктарды жаратып келет.
Жалпы аймак боюнча боюнча 4 муниципалдык китепкана бар. Ал китепканалардын азыркы абалы кейиштүү эле, көпчүлүгүндө китептер эски жана атайын келип китеп окуй турган зал жок. Элдин китепканага каттоосу эгемендүүлүктү алган жылдардан бери аябай төмөндөгөн. Башкача айтканда бүгүн жарандарыбыз китеп окууга кызыкпай ар кандай гаджеттерди гана пайдалануу менен алек болуп келишүүдө.

**Маданияттагы көйгөйлөр**

-Азыркы учурда маанилүү маселе Жоон-Дөбө айылынын маданият үйүн капиталдык ремонттон өткөрүү.
-Музыкалык аспаптардын жетишсиздиги
-Атайын кийүүчү формалардын жоктугу
-Маданий иш чараларын активдүү өткөрүү жана жергиликтүү калкты тартуу.
-китепканалардын абалы азыркы учурдун талабына жооп бербейт, элдин китеп окууга кызыгуусу жок

**Мектепке чейинки билим берүү мекеме**

Жалпы аймакта 3 муниципалдык бала бакча, 1 жеке бала бакча бар жалпысынан 249 наристе бала бакчаларга барышат. Аймакта жашаган 1-7 жаштагы жалпы наристелердин 30% гана бала бакчага барат. Көпчүлүк наристелер үйдө эле тарбияланып келишет. Балдарды эрте жаштан өнүктүрүү боюнча иштер жетишсиз. Мектеп жашына чейинки курактагы өспүрүмдөрдү тарбиялоо мекемелеринин жетишсиздиги.

2023-жылы Чолпонбай айылында 140 орундук бала бакчаны мамлекттик бюджеттен салуу иши башталган. Көк-Дөбө айылына 50 орунду бала-бакча жергиликтүү бюджеттин эсебинен жана райондук өнүктүрүү фондунун колдоосу менен салуу иши башталган. Андан тышкары жыл сайын аймак боюнча 4 бала бакчага барган наристелердин тамактануусуна, ремонт иштерине, көмүр сатып алууга, идиштерди жана жабдууларды сатып алууга, ижара акысын төлөөгө, иш-чараларды жана майрамдарды өткөрүүгө жергиликтүү бюджет тарабынан акчалай жардам каралып турат.

**Мектептер**

Чолпонбай айыл аймагында 5 орто мектеп жана 1 толук эмес орто мектеп бар, азыркы учурда мектептерде 2785 окуучу окуйт, алардын 53 % кыздар жана 47 % эркек балдар.
Айылдык аймактагы мектептерде окуу китептери менен камсыздалгандыгы 75% түзөт. Балдарга негизинен “Англис тили”, “Биология”, “Математика”, “Кыргыз тил, Кыргыз адабият”

китептери жетпейт. Айылдык аймактагы 3 мектепте спорт залдары капиталдык толук ремонттоо иштери жүргөн, 2 мектеп жаңы салынган спорт залы заман талабына ылайык, 1 мектептин спорт залы жок, балдар дене тарбия сабагында сыртта алектенишет. 4-мектептин баарында компьютердик жабдуулар же компьютердик класстар бар, бирок 2-мектептин компьютерлер эски жаңылоо зарыл. Баардык 6 мектеп интернетке кошулган.

Чолпонбай айыл аймагынын балдары райондук жана облустук олимпиадаларга катышып, химия, тарых, англис тили жана география өңдүү предметтер боюнча 1-2-3-орундарды ээлеп келет. Акыркы жылдары Республикалык тестирлөөнүн жыйынтыктары боюнча, аймактагы орто мектептин окуучулары жогору балл алгандардын бири болушкан жана Атматов району боюнча бул эң жогорку көрсөткүчтөрдүн бири болду.

Чолпонбай айыл өкмөтүндөгү 6-мектеп үчүн жергиликтүү бюджеттен көмүр сатып алууга, электр энергиясына, ремонт иштерине, мектептерде ар кандай иш-чараларды жана майрамдарды өткөрүүгө, жабдууларды сатып алууга акча-каражат бөлүнүп турат. Балдар арасында көйгөйлөрдү аныктоо боюнча фокус-топторду өткөрүү учурунда балдар үчүн кошумча билим алууга, чыгармачыл өнүктүрүүгө, спорттук ийримдерге муктаждык бар экени аныкталган.

**Көйгөй:** Бүгүнкү күндө Б.Мырзабаев атындагы орто мектебинин Б корпусунун жанына толук эмес орто мектеп куруу жана С.Садыкова атындагы орто мектебинин имараты эскилиги жеткендиктен жаңы 500 орундуу типтүү мектеп салуу көйгөйү бар. Андан тышкары Р.Осмонов мектебинин имаратын толук капиталдык ремонттон өткөрүү зарыл. Көк-Дөбө айылындагы 50 орундуу бала бакчаны толук курулуш ишин бүткөрү. Ошондой эле Чолпонбай айылындагы 140 орундуу бала бакчанын курулуш ишин толук бүткөрү зарылчылыгы бар.

**Саламаттыкты сактоо**

Айыл аймакта учурда 2 үй-бүлөлүк дарыгерлер тобу Чолпонбай жана Жоон-Дөбө айылында, 3 ФАП бар Чолпонбай, Көк-Дөбө жана Жийде айылдарында. Азыркы учурда Жоон-Дөбө айылындагы үй-бүлөлүк дарыгерлер тобунун имараты эскилиги жетип капиталдык оңдоого муктаж. Буга чейин Чолпонбай айылында үй-бүлөлүк дарыгерлер тобунун имараты авариялык абалда болсо да медициналык кызматкерлер иштер келишкен. 2024-жылы Чолпонбай айылында кайрымдуулук фондун көмөгү менен жаңы ФАП курулуп пайдаланууга берилген. Ошондой эле Чолпонбай айылындагы үй-бүлөлүк дарыгерлер тобунун имараты авариялык абалда болгондуктан кайрымдуулук фонд тарабынан жаны заманбап үй-бүлөлүк дарыгерлер тобунун имараты курулуп пайдаланууга берилди. Медициналык тейлөө акысыз болгону менен оорулууларга дарылануусунун кайсы бир бөлүгүн төлөөгө туура келет. Буга байланыштуу мамлекеттик деңгээлде акысыз жана акы төлөнгөн медицинанын баасы менен сапатын кайрадан карап чыгуу зарыл. Көп учурда калктын эң аярлуу катмарларына колунда жокторго, аялдарга, балдарга жана ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелгендерге дарыланууда кайсы бир бөлүгүн төлөөгө туура келет. Ошол эле учурда акы төлөөгө жөндөмдүү адамдар атайын мамлекеттик ооруканаларда акысыз дарыланышат. Медицина кызматкерлеринин кызмат көрсөтүүдө жаңы заманбап аппаратуралар жетишпейт.

**Көйгөй:** Жоон-Дөбө айылынын ҮБДТнын имаратын капиталдык ремонттон өткөрүү зарылчыгы бар. Көк-Дөбө жана Жийде айылындагы ФАПты капиталдык ремонттон өткөрүү зарыл.

**Турак жай**

Чолпонбай айыл аймагында бүгүнкү күнгө карата айыл аймагында 1700 түтүн, жалпы калктын саны 12620 адам. Азыркы учурда эң көйгөйлүү маселе жарандарга турак жай салууга жер участогун бөлүп берүү маселеси турат. Анткени жыл сайын калктын өсүшүү байкалууда. Бир үй-бүлөдө 2,3 үй-бүлө жашаган учурлар кездешип келет. Айыл өкмөтү тарабынан кунарсыз жайыт жерлеринен 165 га жер аянтын трансформациялоо ишин жүргүзүү башталган. Бүгүнкү күнгө карата турак жай салуу үчүн жер участогун алууга 1800 адам кезекте турат.

| | | |
|---|---|---|
| **Көйгөй:** Турак жай курууга жер участогун бөлүп берүү үчүн жер участокторун трансформациялоо зарылчылыгы бар. | | |
| **3.3. Жергиликтүү коомчулуктун артыкчылыктуу муктаждыктарына анализ жүргүзүү** | | |
| **Артыкчылык** | **Мүмкүн болгон чаралардын жалпы сүрөттөлүшү** | **Күтүлгөн натыйжа жана мөөнөттөр** |
| Калкты толук таза суу менен камсыз кылуу | Чолпонбай, Көк-Дөбө, Жийде, ЖоонДөбө айылдарынын таза суу системасын жакшыртуу | Калктын таза сууга болгон муктаждыгы чечилет.<br>2025-2027-жылдарга калкка 100% таза суу жеткирилет. |
| Чолпонбай айыл аймагындагы жаңы калктуу конуштарга таза сууну жеткирүү | Чолпонбай, Көк-Дөбө, Жийде айылындагы жаңы калктуу конуштун тургундарын таза суу менен камсыз кылуу жана жашоо шарттарын жеңилдетүү | Калктын таза сууга болгон муктаждыгы чечилет.<br>2025-2027-жылдарга калкка 100% таза суу жеткирилет |
| Чолпонбай айылындагы таштанды полигонунун айланасын тосуу | Таштанды полигонунун жерине экологиялык экспертизанын корутундусун чыгарып, тиешелүү документтерин бүтүрүп, айланасын тосуу иштерин аткаруу | Таштанды полигондун айланасы иретке келтирилет 2025-2027-жылдарга |
| Көк-Дөбө, Жийде, Жоон-Дөбө айылындарына таштанды полигонун уюштуруу | Таштанды полигонун уюштуруу үчүн жерине айылдык кеңештин токтомун чыгарып, тиешелүү документтерин бүтүрүп, айланасын тосуу иштерин аткаруу | Таштанды полигону пайдаланууга берилет 2025-2027-жылдарга |
| Чолпонбай айыл аймагындагы айылдардын ички жолдорун кезек-кезеги менен кум, шагыл төшөө ремонттон өткөрүү | Аймактагы жалпы 4892 км ички жолду кезеги менен кум, шагыл төшөө менен оңдоо иштерин кылуу | Аймактагы ички жолдорду жыл сайын убагы менен кум, шагыл төшөп оңдоп туруу |
| Чолпонбай айылынан Кызыл-Адыр айылындагы мал базарга барчу эски жолуна асфальт төшөө | Чолпонбай айылынан Кызыл-Адыр айылындагы мал базарга барчу эски жол 4 км түзөт, №6 ЖТИ менен биргеликте иш алып баруу боюнча сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү | Жергиликтүү тургундарга шарт түзүлүп берилет 2025-2027-жылдарга |
| Жайытка кетүүчү жолдун бузулган жерлерин түздөө | Алыскы жайытка баруучу жолдорду оңдоп жана чабандарга шарт түзүп берүү | Чабандарга көчүп конууга шарт түзүлөт 2025-2027-жылдарга |

| | | |
|---|---|---|
| Чолпонбай айыл аймагынын айылдарындагы көчөлөрдү жарыктандыруу | Айыл аймактагы айылдардын ички көчөлөрүн жарыктандыруу | Айыл аймактын жарыктандыруу системасын жакшыртуу 2025-2027-жылдарга |
| Жоон-Дөбө айылынын Т.Жумагулов атындагы маданият үйүн капиталдык оңдоодон өткөрүү | Маданият үйүнүн электр жабдууларын, чатырын алмаштыруу, кошумча музыкалык жабдууларды орнотуу жана ички жасалгалоо жумуштарын ремонттон өткөрүү | Ремонт иштеринин жыйынтыгы менен ишке берилип жумуш орундары түзүлөт жана элди маданий деңгээлин көтөрүлөт 2025-жыл ичи. |
| Жийде айылына жаңы маданият үйүн куруу | Муниципалдык менчиктеги жер участогуна маданият үйүнүн курулуш ишин баштоо | Жаңы маданият үйүн куруу менен элди маданий деңгээлин көтөрүлөт 2025-2027-жыл ичи. |
| Чолпонбай айылынын ичиндеги борбордук көчөлөргө тротуар салуу | Чолпонбай айылынын ичиндеги борбордук Чолпонбай, Т.Сартбаев көчөлөрүнүн күн батыш тарабына башынан этегине чейин тротуар салуу | 2025-2027-жылдары 2 км аралыгындагы муниципалдык тротуар салынат. Жергиликтүү тургундарга, анын ичинде аялдарга, балдарга, кыздарга көчөдө жүрүүгө жагымдуу шарт түзүлөт. |
| Чолпонбай айыл аймагына спорт комплекс куруу | Чолпонбай айылынын Суусамыр-Талас-Тараз трассасынын жээгиндеги муниципалдык жер участогуна заманбап спорт комплексин куруу | 2025-2027-жыл ичи спорт комплекстин курулуш иши бүткөрүлөт жана жергиликтүү тургундарга шарт түзүлөт. Чолпонбай айылына спорт комплекс куруу менен республикалык деңгээлде мелдештерди өткөрүүгө мүмкүнчүлүк түзүлөт. |
| Чолпонбай айылындагы Ч.Түлөбердиев атындагы спорт залдын ички электр жабдууларын алмаштыруу, ичин оңдоодон өткөрүү жана жабдууларды алып берүү | Спорт залдын жуунучу жайын жана ички ремонтун кылуу. Керектүү жабдууларды алуу | Спорт залдын машыгуучуларына жагымдуу шарт түзүлөт 2025-2027-жылдарга |
| Б.Мырзабаев атындагы мектептин спорт залынын чатырын алмаштыруу, капиталдык ремонттон өткөрүү | Мектептин спорт залынын төбөсү бетон плита менен коюлгандыктан алмаштыруу | Мектеп окуучуларынын коопсуздугун камсыз кылуу менен жагымдуу шарт түзүлөт 2025-2027-жылдарга |
| Б.Мырзабаев атындагы мектептин кичи корпусунун жанына типтүү мектеп салуу | Кичи корпусунун жанына 500 орундуу типтүү мектеп салуу | Мектеп окуучуларына билим алууга жана мугалимдерге билим берүүгө шарттарды түзүү 2025-2027-жылдарга |
| Чолпонбай айыл аймагынын Жоон-Дөбө айылынын ички муниципалдык жолун оңдоо | Жоон-Дөбө айылынын ички муниципалдык жодорун оңдоп түзөөдөн өткөрүү | Ички муниципалдык жолдорду оңдоп түзөөдөн өткөрүү менен айыл тургундарына шарт түзүлөт 2025-2027-жылдарга |

| | | |
|---|---|---|
| Чолпонбай айылындагы С.Садыкова атындагы орто мектептин жаңы 500 орундуу типтүү имаратынын курулушун ишке ашыруу | С.Садыкова мектебинин жаңы имаратынын курулуш ишин баштоо | Мектеп окуучуларына билим алууга жана мугалимдерге билим берүүгө шарттарды түзүү 2025-2027-жылдарга |
| Чолпонбай айылына 50 орундуу бала бакчаны куруу | 50 орундуу бала бакчанын курулуш ишин баштоо | Жаш жеткинчектердин билим алуусуна жана тарбиячыларга билим берүүгө шарттарды түзүү 2025-2027-жылдарга |
| “Чолпонбай тазалык” муниципалдык ишканасынын матералдык базасын чыңдоо максатында эксковатор алууга облустук, райондук өнүктүрүү фонддоруна долбоор жазуу | Чолпонбай тазалык” муниципалдык ишканасына эксковатор сатып алуу жана жетпеген каражатты лизинг менен алуу | 2025-2027-жыл аралыгы муниципалдык ишкана өзүн өзү камсыз кылуу |
| “Чолпонбай тазалык” муниципалдык ишканасынын матералдык базасын чыңдоо максатында “таштанды чыгаруучу атайын” техникасын сатып алуу (лизинг) | Экологияны жакшыртуу максатында “таштанды чыгаруучу атайын” техникасын сатып алуу (лизинг) | Таштандылардын айлана чөйрөнү булгоосунун алдын алуу жана экологияга тийгизген терс таасирин азайтуу 2025-2027-жылдарга |
| Жоон-Дөбө айылындагы №7 үй-бүлөлүк дарыгерлер тобунун имаратын капиталдык ремонттон өткөрүү | №7 үй-бүлөлүк дарыгерлер тобунун имаратын капиталдык ремонттон өткөрүү жана тиешелүү жабдыктар менен камсыз кылуу | №7 үй-бүлөлүк дарыгерлер тобунун имаратын капиталдык ремонт кылуу менен жергиликтүү тургундардын ден соолугуна кам көрүү 2025-2027-жылдарга |
| “Чолпонбай тазалык” муниципалдык ишканасы өзүн өзү камсыз кылуу максатында пескоблок чыгаруучу жабдыктарды алуу цехти ишке ашыруу | Пескоблок чыгаруучу цехти ишке берүү менен жергиликтүү тургундарга курулуш материалдарын алууга шарт түзүү | Жыйынтыгында муниципалдык ишкана өзүн өзү камсыз кылат. Андан сырткары жумуш орундары ачылат 2025-2027-жылдарга |
